# №34 Жети-Өгуз округдук шайлоо комиссиясынын отурумунун
# № 1 ЧЕЧИМИ

**6-декабрь 2021-жыл**

**Бөкөнбаев айылы.**

**Катышышты:**

Абдыкеримов Р.- ОШКнын төрагасы.
Алымбаев Н. - ОШКнын катчысы.
Урмамбетов Д.- ОШКнын мүчөсү.
Асаналиев Ж. – ОШКнын мүчөсү.
Жаналиева М. – ОШКнын мүчөсү
Бейшекеев А. – ОШКнын мүчөсү.
Байзакова Б. – ОШКнын мүчөсү.
Чойтонбаев Б. – ОШКнын мүчөсү.
Закиров А. – ОШКнын мүчөсү.
Урмамбетова Ж.-ОШКнын мүчөсү.
Айткулива Н.- ОШКнын мүчөсү.
Мендибаева З.– ОШКнын мүчөсү.
Муканова Ф. – ОШКнын мүчөсү.
Азиева А. – ОШКнын мүчөсү.
Исраилов А. – ОШКнын мүчөсү.

**КҮН ТАРТИБИ:**

**1. 2021-жылдын 28-ноябрь дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку кенештин депутаттарын шайлоосун өткөрүү боюнча №3207, №3214 жана №3217 шайлоо участокторундагы кетирген кемчиликтери боюнча. "Коомар Медиа" коомдук фонду тарабынан жазылган даттанууларды кароо жөнүндө.**

**УГУЛДУ:** Күн тартибиндеги маселе боюнча округтук шайлоо комиссиясынын мүчөсү Д.Урмамбетов чыгып, 2021-жылдын 28-ноябрь Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңештин депутаттарын шайлоосунда №3207, №3214 жана №3217, участкалык шайлоо комиссиясынын аракеттерине «Коомар Медиа» коомдук фондусу тарабынан даттануулар келип түшкөндүгүн билдирүү жасады.

Бул маселе боюнча отурумга №3207 участкалык шайлоо комиссиясынын төрайымы Барыктабасова С, №3214 участкалык шайлоо комиссиясынын төрайымы Бакасова Б жана №3217 участкалык шайлоо комиссиясынын төрайымы Иманбаева Л, катышып жаткандыгын билдирүү жасады.

Аталган даттануулар боюнча участкалык шайлоо комиссиялардын төрага, катчыларына кетирген кемчиликтери үчүн пикирлерин угуп, түшүнүктөрүн жазып берүү жагы сунушталды.

Алар өзүнүн түшүнүктөрүндө № 3207 участкасында протокол толтурууда графалар №2 ката кетирилген тууралу айтылган жана ошондой эле 7а,7б,8 де цифралар өзгөргөндүгү тууралу да белгиленген. Төрайым өз сөзүндө жогорудагы каталар өз убагында ишке алынып акт түзүлгөнүн кетирген каталар оңдолгону тууралу айтып берди. (акт тиркелет).

Ал эми №3214 шайлоо участкасында болгон окуя тууралу комиссиянын төрайымы даана так түшүндүрмө берди. Экинчи арыз боюнча талапкер Ли А менин алты кишим келди эле үч эле киши салыптыр дегени бул чындыкка дал келбейт. Ар бир шайлоочу өзү каалаган талапкерге салат ошондуктан кимге салганын эч ким билбейт. Бюллетендерди саноо боюнча байкоочулардын көбү кол менен саноону күтпөй эле эрте калгандыгы тууралу маалымат беришти.

Ал эми №3196 шайлоо участкасында болгон окуя тууралу комиссиянын төрайымы даана так түшүндүрмө берди. .9- беренесинин 17 пунктун Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депуттатарын шайлоо

жонундо Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жашыруундуулугун бузбастан, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгагууга тоскоол кылбаш керек. Жана шайлоо комиссиясынын ишине тосколдук кылуучу аракеттерди жасоого байкоочу укуксуз

АСУ иштебей калган учурда запастык урна койулат. Стационардык урнаны колдонуунун кажети жок болчу.

№3217 участкалык шайлоо комиссиясынын төрайымы Л.Иманбаева эч кандай ката кетпегенин кабинада бир эле убакта эки адам болгондугу тууралу түшүндүрмө берди. Ал убакта 82 жаштагы Гүлай апа көзү жакшы көрбөгөнүнө байланыштуу комиссия мүчөлөрүнө кайрылган Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 31-беренесинин 10-пунктуна ылайык кийинки шайлоочу жардам берген. Бул жерде эч кандай мыйзам бузуу болгон эместигин айтты.

Округдук шайлоо комиссиясынын мүчөсү Б.Чойтонбаев Кыргыз Республикасынын Референдуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 37-бернесинин 4-пунктунун 1-2-подпунктунда көрсөтүлгөн бузуулар орун албагандыгына токтолуп, аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан бул фактылар аныкталбагандыктан добуш берүүнүн жыйынтыгын жараксыз деп эсептөөгө болбойт деп билдирүү жасап өзүнүн сунушун киргизди.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап Тон аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөсү Д.Урмамбетов «Коомар Медиа» коомдук фондусунун билдирүүсүндө көрсөтүлгөндөй бул үч участоктун шайлоо процесси бузулду дегенге эч кандай негиз жок экендиги боюнча добушка коюлду.

**Макул "15", Каршы "жок"**

Жогорудагылардын негизинде №34 Жети-Өгүз округдук шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. «Коомар медиа» коомдук фондусунун даттануусу эске алынсын.
2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын 37-бернесинин 4-пунктунун 1-2-подпунктунда көрсөтүлгөн бузуулар орун албагандыгы эске алынсын, шайлоо процесси бузулду дегенге эч кандай негиз жок экендиги белгиленсин.
3. №3207 участкалык шайлоо комиссиясынын төрайымы С.Барыктабасовага, №3214 участкалык шайлоо комиссиясынын төрайымы Б.Бакасовага жана №3217 участкалык шайлоо комиссиясынын төрайымы Л.Иманбаевага кетирген кемчиликтери үчүн эскертүү берилсин.
4. Ушул чечимдин көчүрмөсү «Коомар медиа» коомдук фондусуна жөнөтүлсүн.

**Окрукдук шайлоо комиссиясынын төрагасы** **Абдыкеримов Р**

**Катчысы** **Алымбаев Н.**